# ИЙРИ – СУУ НЕГИЗГИ МЕКТЕБИ.

# П О Р Т Ф О Л И О

## КЕРИМКУЛОВА АЙНАГУЛ МАКЕНОВНА



# Керимкулова Айнагүл Макеновна

**Чүй облусу** **Жайыл району**

**Таржымал**

| | |
|---|---|
| Мугалимдин аты-жөнү: | Керимкулова Айнагуль Макеновна |
| Туулган жылы: | 26.09.1970 |
| Улуту: | кыргыз |
| Билими: | Жогорку НПУ(1989-1992) дип<br>МТ CL 100310919 |
| Адистиги: | Башталгыч класс мугалими |
| Иштеген жери: | 1992-1994-ж Ой-Терскен мек.<br>1997-2005-ж Көк-Жар башт.мект.<br>2005-жылдан бери Ийри-Суу негизги мектеби |
| Иштеген стажы: | 28 жыл 3 ай |
| Класс жетекчи: | 4-класс |
| Сыйлыктары: | ЖРБББ грамота,<br>КР ББМнин Ардак Грамотасы |
| Тил билгендиги: | кыргыз,орус |
| Кызыгуусу: | китеп окуу |
| Жеке сапаттары: | Адамгерчиликтүү,жоопкерчиликтүү |
| Үй –бүлөсү: | жесир,бир балалуу |
| Үй дареги: | Ийри-Суу айылы,Жетиген 6 |

# ӨМҮР БАЯН

# Өмүр баян

Мен, Керимкулова Айнагүл Макеновна 1970- жылы 26- сентябрда Ат-Башы районундагы Ача –Кайыңды айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөм.

1979-жылы Ат-Башы районундагы Ой-Терскен орто мектебине кирип, 1988-жылы ийгиликтүү бүтүрдүм.

1989-жылы Нарын педагогикалык окуу жайынын башталгыч класстар факультетине кирип,

1992-жылы башталгыч класстын мугалими кесибине ээ болуп, бүтүрдүм.

1992-жылы Ат-Башы районунун Ой-Теркен орто мектебинде башталгыч класстын мугалими болуп иштедим.

1997-жылы Бишкек шаарындагы Көк-Жар №1 башталгыч класстар мектебинде китепканачы жана башталгыч класстын мугалими болуп иштедим.

Бул жерден үй шартка байланыштуу бошодум.

2005-жылы Ийри-Суу негизги мектебине кирип, башталгыч класстын мугалими болуп иштедим.

2006-жылы Кыргыз билим берүү академиясына кирип, кыргыз тили, адабият факультетине сырттан окуу бөлүмүнө ээ болдум.

2014-2015-жылы окуу жылында аталган мектепте тарбия завуч болуп иштедим.

Уулум: Мухтаров Адилет «Технико экономический коллежде» 3-курсунда окуйт.

Кызыгуум класстан тышкаркы иштерди өтүү, китеп окуу.

Жакын туугандарыман эч ким сот жоопкерчилигине тартылган эмес.

# П И К И Р Л Е Р

Пикир

*Мен, Бегалиева Айна Курмановна Керимкулова Айнагүл Макеновнаны 2005- жылдан бери билем. Ушул жылдан баштап мектепке иштей баштаган. Мүнөзү жумшак, илбериңки, адамгерчиликтүү, адамга каттуу сүйлөбөгөн мугалим. Өзүнүн сабактарын окуучуларга жеткиликтүү, кызыктуу өтөт. Өзү ар дайым таза, тыкан жүрөт. Окуучуларга талап коё билет. Эң мыкты класс жетекчилерден. Класс менен жакшы иштейт. Ар бир окуучуга кандай мамиле жасашты билет. Ата-энелер менен тил табышып ар дайым байланышта болуп , мугалимдердин арасында кадыр-баркка ээ. Өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштейт.Сабактарына класстык сааттарына катыштым. Өзү жетектеген 4-класстын сүйүктүү эжеси. Айнагүлдүн педагогикалык жолуна ак жол, чыгармачылык иш, үзүрлүү эмгек каалайм.*

Мугалим: Бегалиева А.К.

# Өз тажрыйбамдын аннотациясы

Мугалим:  Керимкулова А.М.
Ийри-Суу негизги мектеби

Ушул учурга чейин билим берүү системасынын талабына ылайык иштерди аткарып , башталгыч класстын мугалими болуп эмгектенүүдөмүн . Кеңири колдонууга өбөлгө түзгөн интерактивдүү метод менен иштөө жаман жыйынтык берген жок. Классты активдештирүүгө , суроону туура коюууга, тактыкка ынтымакка үйрөнүштү. Бирок берилген методдон сырткары сахналаштыруу менен сабак өтүү да балдар үчүн эң кызыктуу жана жөнөкөй. Биринчиден балдар “сахна “ деген сөздү көбү түшүнүшпөйт. Сахнада көрүүчүлөргө атайын даярдалган сабак өтүлөт. Аттарын көп укпаган Аркышка жаныбарлары менен сабак өтсө балдарга таанып билүүсү артылат. Мисалы : пингвиндин сүрөтүн сахнанын ичинде рольдоштуруп чоң аюу Гризлини сүйлөтөм.

-Ой чоң аюу сен туура муундап окуй албай жатасын, үч-үн эмес ү-чүн деп муунга бөлүш керек .

–пингвин сага чоң рахмат!

–сен болбосоң , мен шар окуй албай кыйналат элем.

– сахналаштыруу математика сабагына көп колдонсо болот.

–сахнада жеке сабак өтүү милдетин да же өтүлгөн темаларды кайталоо иретиндеги, мугалим эмес, мультфильмдердеги каармандардын элесин көлөмдүү кагазга тартып сахналаштырууга болот .

-Мындай стандарттык эмес сабак өтүү да окуучулардын сабакка кызыгуусу артат жана сапаттуу , максаттуу, сабак өтүлөт.

Муну өз тажрыйбамда көрсөтө алам. Андан сырткары 1 –класста окуу сабагында шар окууга өбөлгө түзүүгө жардам берет – бул психологиялык ар кандай оюндар . үндүү тыбыштарды жазып ал чоң көлөмдүү ак кагазга жазылыш керек. Аралыктары алысыраак болууга тийиш (кызыл боек менен ) с,т үнсүз тыбыштары көк боек менен жазылып (кесме алфавиттен алса болот) . үнсүздөрдү эки четине коюп , үндүү тыбышы ортосунда калышы керек . Мисалы : с,т. а,о, ө,у,ү,э,и,ы. Ушул түзүлгөн тамгада сөз т,с барбы ? сат , сот, сүт , тос түз, түс деген сөздөр Мааңисин сурап же түшүнбөсө атайын түшүндүрүш керек.

– же көлөмдүү ак кагазга психологиялык оюндарды ойнотом, сүрөттөгү " эки кодолектин окуясы" – деген сүрөттү окуучуларга көрсөтүп, ирээти менен кагазга чаптап туура жолун табышат.

– Ой жүгүртүүсүнө, сөз өстүрүү жана тапкычтыкка чоң жардам болот.

– математика сабагын өтүүдө физкультминутанын ордуна табышмактуу сүрөт өтүүдө физкультминутанын ордуна табышмактуу сүрөт сандар жана тамгалар. Баш катырмаларды. Колдонуом, бирок берилген тапшырмалар темага шайкеш келиши керек . 1-класста тамгаларды өтүүдө атайын даярдалган илме түстүү көк кагазга үндүүлөрдүү кызыл менен үнсүздөрдү көк кагазга айырмалап тамганын китептен басылып берилишинин жана жазуу түрүндөгү тамганы айырмалап билүүсүнө көмөк катары көрсөтмө курал жасадым. Кээ бир окуучу бүгүн өтүлгөн теманы унутуп коюшат , же , л,п,м,н,т, тыбыштарые айырмалай албайт .ошол үчүн жогоруда көрсотмө курал талапка ылайык боло алат . анда сөз чөнтөкчөсү бар. Аа тыбышын өтсөм , А дан башталган сөздөр чөнтөккө салынат. Америкалык улуу инсан Томмас Джеферсон : "элдин бактысы анын билимине жараша болот " деген экен. Анын сыңары кыргыз элинин бактысы үчүн биз билимдүү балдарды тарбиялоого аракеттери жасап келебиз.окуучулар – келечектин ээлери алардын келечеги биздин колубузда. Ошондуктан мен окуучуларымдын ар бирин түшүнүү менен өзүмдө болгон билимди уюткулуу кылып берүүгө аракет кылам. Мугалим катары өзүмдүн окуучуларымды руханий асыл ойлорго муюган ,ыймандуу , адептүү, абийирдүү , ар намыстуу , жан дүйнөсү таза жана кең пейил болууга тарбиялаймын. Мен кесибим менен сыймыктанам . Билим берген окуучулардан келечекте көп ийгиликтерди күтөмүн , алардан эң мыкты адистер чыгат жана алар кыргыздын татыктуу уулдары болот деп ишенем .

# Доклад
## Азыркы коомдогу билим берүүнүн ролу

Мугалим:  Керимкулова А.М.
Ийри-Суу негизги мектеби

Сабактын натыйжасы окутуу методдору аркылуу камсыз кылынат , башкача айтканда сабактын максаты милдеттери канчалык так аныкталбасын анын чындыкка айланышы тикеден- тике окутуу методдорунан көз каранды.

Бирок , окутуунун ийгиликтүүлүгү анын максаттарынан кандай болушуна жана материалдын мазмунуна гана көз каранды эмес , ал ошондой эле коюлган максаттарга жетишүүнүн жолу кандай болушуна , башкача айтканда окутуу методунун кандай экендигине да көз каранды.

Окутуу методу деп эмнени түшүнүү керек?

Ар кандай метод коюлган максатка ылайык келүүчү натыйжага жетишүүнү камсыз кылуучу адамдын аң –сезимдүү, белгилүү ырааттыкта аткарган иш- аракеттеринин системасы экендиги белгилүү. Демек, ар кандай метод төмөнкүлөр:

а) максаттын коюлушун;

б )адамдын ишмердүүлүгүн;

в ) зарыл болгон каражаттарды;

г ) объектинин өзгөрүү процессин;


д ) максатка жетишүүнү камтыйт.

Окутуу методу жалпы түрдөгү алынган методдордон кескин түрдө айырмаланат: мында мугалимдин таасир этүүсүнүн объектиси-окуучу, коюлган максатка жетишүү дал ошол окуучунун эркине жана кызыкчылыгына көз каранды болот.

Демек , окуутуу методдорунда мугалимдин керектүү каражаттарды колдонуу менен аткарган иштери окуучудан максат келип чыккандай жана анын өзүнүн ишмердүүлүгү ошол максатка жетишүүсүн камсыз кылгандай болуп уюштурулушу зарыл.

Демек , окутуунун үзүрлүү жана жемиштүү болушу балдардын окуп үйрөнүү ниети , таанып билүү дилгирлиги , билим билгичтиктерге аң-сезимдүү , өз алдынча ээ болуу жаатындагы жигердүү аракетине байланыштуу .

# "Ата-энем жана мен"



Тема: **“Ата-энем жана мен»**

**Сабактын максаты**: Ата-эненин балага болгон мээримин ачып көрсөтүү. Адамдык сапаттар тууралуу кеңри түшүнүк берүү. Жакшы тартиптүү болуп өсүп, өз ата-энесинин эмгегин билүүгө-жана аларды сыйлоого ар бир жасаган ишин ойлонуп чечиндүлүк менен аткара билүүгө, чыгармачылыгын өстүрүүгө тарбиялоо.

**Сабактын жүрүшү**: Бүгүнкү сабагыбыз «Ата-эне жана мен» деген темада өткөрөбүз. Балдар силер үчүн ата-энеңерден кымбат эч ким жок. Силерди ата-энеңер өстүрдү, багып чоңойтту. Азыркы күнгө чейин силердин камыңарды көрүп жүрөт. Кана өзүңөрдүн ата-энеңер тууралуу билгениңерди айтып көргүлөчү.

**Апакем**

**1-Окуучу** Күндүр түндүр көтөрүп

Мээрим төгүп өстүргөн.

Апам мени бапестеп

Эрезеге жеткирген

Өмүр бою карызмын

Өмүр бою сүйөмүн

Апакемдин ак сүтүн

Актоо менин тилегим.

**2-Окуучу** Жакшы көрөм атамды

Кичинекей чагыман..
Жумушуна кетсе эле
Көргүм келип сагынам
Иштен кайтып келгенде
Чарчаганын билемин
Батинкесин чечемин
Ак калпагын киемин

Ата аска-зоо,эне анын боорундагы булак. Бала экөөнө тийген шам чырак.
Мына ушул айтылган кептердей эле балдар силер ар дайым болушуңар керек.

Улууларды урматтап
Улуулардан ийменем
Улуулардын алдында
Үн көтөрүп сүйлөбөйм

Карыларды урматтап
Карылардан ийменем
Карылардын алдында
Катуу,катуу сүйлөбөйм

Окуучуларга келе жаткан кышкы кар менен кошо биздин ата-энелерге кандай каалообуз болсо жаасан деп кагазга тилек жазып кар чабышып ойношот. Тилегин окушат(ден-соолук, бактылуулук,тынчтык ж.б)

Кандай бала мээримдүү?

Мугалим: Кана балдар айткыла
Кандай бала мээримдүү

1-окуучу. Кабак кашын бүркөбөй
Жүргөн бала мээримдүү

2-окуучу. Чын көңүлдөн жаркылдап
Күлгөн бала мээримдүү

3-окуучу. Ата-энесин ардактай
Билген бала мээримдүү
Кандай бала мээримдүү;

Ачык көңүл
Чынчыл
Сыйчыл
Кайрымдуу
Боорукер
Адептүү

Балдар ырларды айткан сайын сүрөттөрдү иле берип жаратылышты сүрөттөшөт. Күн-ата-эне,тоо,суу,бак-дарак,гүлдөр мээримдүү бала катары сүрөттөп, « Ар дайым күн болсун» - деген ырды ырдашат.

Асман ачык,күн нур чачып,
Бул сүрөттү бала тарткан
Тартып бүтүп аягына
Аягына минтип жазган.

Ар дайым күн болсун
Ар дайым асман болсун
Ар дайым апам болсун
Болоюн мен да аман.

Жакшы досум,жан жолдошум
Эл тилейт тынчтык бүт жанга
Чарчабаймын кайталаймын
Ата-эне кымбат бүт жанга

Талыкпай күн нур чачсын
Чайыттай болсун асман
Багыма болсун апам
Дайыма болом мен.

4-окуучу. Көңүлдөрүн оорутпай,
Сүйгөн бала мээримдүү

5-окуучу. Карыларга жардамын
Берген бала мээримдүү

6-окуучу. Капалыгын алардын,
Жеңген бала мээримдүү

7-окуучу. Жалкоолукту билбеген
Чапчаң бала мээримдүү

8-окуучу. Ата-эненин көңүлүн
Ачкан бала мээримдүү

9-окуучу. Сабактарын жакшы окуй
Билген бала мээримдүү

10-окуучу. Айткан кепти акылга
Илген бала мээримдүү

Окуучулар:




1. Апасына жакшы бала болуп бергендигим үчүн 60 сом.
2. Гүлдөргө суу куйгандыгым үчүн 100 сом.

Баары биригип 250 сом.

Эми муну; (почтага салып койду) Апам окуп мага төлөп берет-деп өзүнчө ойлонуп кетип калат. Апасы келип почтага салынган баласынын катын окуп эч нерсе дебестен Асандын үстөлүнө 250 сом коюп койду. Асан аны көрүп-ии мындан кийин дагы ушинтип карызымды алсам болот тура деп ойлоп, жанындагы кагазды алды анда Асандын апасына төлөй турган карыздары деп жазылыптыр.

1. 10 жыл үйдө бактылуу жашаганы үчүн-эч нерсе
2. 10 жыл жеген тамак ашы үчүн-эч нерсе
3. Ооруганда караган чыгымдары үчүн-эч нерсе
4. Жакшы апасы болгондугу үчүн-эч нерсе.

Асан абдан уялып, ыйлаган бойдон энесине чууркап кечирим сурап 250 сомун апасынын чөнтөгүнө салат.

Балдар карагылачы Асандын кылганы туурабы. Силер да ата-энеңерге жардам кылгандыгыңар үчүн акы сурадыңар беле.

Окуучулар менен чакан аңгемелешүү өткөрүлөт. Эмесе балдар биздин ата-энебиз силердей кичинекей эле кезинде эмес чоңойгондо да балдары үчүн санаа тартып,аларды ойлоп күн жүрөт экен эмесе.
“Энеме” аттуу клипке көңүлүңүрдү бурайын.
Көрдүңөрбү балдар силер ар дайым ата-энеңерге мээрмдүү,карамдуу,күйүмдүү болууңар керек. Ата-бабаларыбыздан калган макал-лакаптардан айтып көргүлөчү
Ата-эне бактысы-балада
Бала бактысы-ата-энеде
Энеңдин ак сүтүн акта
Атаңды ардакта.
Алып баруучу; эмесе сиздерге ыңгайсыз көрсөтүүсүн тартуулайбыз.
Эки ата-энени чыгарып окуучулар суурoo беришет.

1. Сизди кичине кезиңизде ата-энеңиз урду беле,эгер урса эмне үчүн?
2. Эгер сиздин балаңыз кымбат баалуу буюмуңузду сындырып алса эмне кылат элеңиз?
3. Мен сабактан кийин досум менен ойноп кеч келсең,сиз эмне кылат элеңиз?
4. Балаңыз тилиңизди укпаса,айткан ишти кылбаса,сиз эмне кылат элеңиз?
5. Жакшы көргөн көйнөгүңүздү кесип куурчагыма көйнөк тигип алсам,сиз кандай чара колдонот элеңиз7
6. Күндө ручкамды жоготуп койсом,сиз эмне дээр элеңиз?
7. Балдар менен урушуп кийимин тытып келсе,сиз эмне кылат элеңиз?

Ата-энелер жоопторун берген соң, окуучулар өз ойлорун айтышат.
Бир окуучу чыгып суроо бере баштайт.

1. Сен сабактан 2 алсаң апаң эмне кылат эле.?
2. Баалуу термосту сындырсаң,эмне кылат эле.?
3. Ата-энең менен театрга,киного бардың беле?
4. Сен уктаарда апаң же атаң жомок айтып береби?

# Тарбиялык саат

## Тема: Комуз бабалардан калган мурас.

### 9-сентябрь Комуз күнү



Сабактын темасы: **Комуз бабалардан калган мурас.**

Сабактын максаты: Кыргыз элинин баалуулугу болгон музыкалык аспабы –комуздун жасалышы,тарыхы жөнүндө жана залкар комузчулар жөнүндө маалымат берүү. Улуттун маданиятын сыйлоого, көздүн карегиндей сактоого чакыруу.

Сабактын этабы:
**1.Комуз күүлөрү угулат.Видео. Ачылышы**
**2.Көркөм окуу "Комуз" окуучу**
**3.Мугалим.Учурашуу.Келген меймандарды тааныштыруу,ыраазычылык билдирүү.**
**4. Комуз жөнүндө маалымат.Мугалим.**
**5.Слайд.Комуздун түзүлүшү**
**6.Видео.Комуздун жасалышы.**
**7.Комуз күүсү.Окуучу чертет.**
**8.Улуу комузчулар жөнүндө маалымат.Мугалим.**
**9.Комуз күүлөрү.Кичинекей комузчу күү чертет.**
**10.Жеке бий."Тоо гүлү"Айбийке**
**11.Жамааттык бий."Ой ,комузчу"**
**12.Меймандарга сөз берилет.**
**13.Меймандар (комузчулар)өнөрлөрүн тартуулашат.**
**14.Мугалим жыйынтыктап,мектеп админстрациясына сөз берет.**

Сабактын жүрүшү:

**1.Комуз күүлөрү угулат.2.Видео.Ачылышы.**

**2.Көркөм окуу.Окуучу:**

Үч буроо,жалгыз тээк,үч кыл комуз,
Чертилбейт,күүгө келбейт,чебер колсуз,
Оп-оңой,көргөн көзгө жөпжөнөкөй,
Бирок да өнөрү бар айтып болгус

Кылымдан кылым санап көксөй-көксөй,
Жыргалдуу биздин ушул күндү көздөй.
Бул комуз,көп сууларды кечип келген,
Эли да комузундай жөпжөнөкөй.

**3.Мугалим.Учурашуу.Келген меймандарды тааныштыруу.Ыраазычылык билдирүү**.

-Саламатсыздарбы,урматтуу биздин меймандар, агай-эжейлер жана окуучулар! Бүгүн 9-сентябрь Комуз күнү! Комуз күнунө арналган
“Комуз бабалардан калган мурас” темасындагы тарбиялык саатыбызды ачык дейм жарыялайм!
Алгач ,бизге келген меймандар менен тааныштыра кетейин:
----Балыкчы шаарынын Маданият үйүнүн мыкты кызматкери,Комуз жана кыргыз фольклор ансамблинин жетекчиси Басманова Гульмира Абиевна бизде мейманда.----Кош,келиңиз!

-Кол чабуулар!

**4.Комуз жөнүндө маалымат.Мугалим:**

-Бүгун, 9-сентябрь – Комуз күнү белгиленүүдө.

2019-жылдын 9-сентябры комуз күнү деп белгиленип,ошондон бери салттуу уланып келет.Бул майрам Кыргызстан элинин биримдигин бекемдөөгө,коомчулукту бириктирүүгө багытталган жана ошондой эле этностук коомчулуктун маданияттар аралык диалогун кеңейтүү максатта майрамдалат.

Комуз күүсү кылымдардын кайрыгы,
Комуз күүсү кыргызымдын байлыгы,
Комуз күүсү үнү менен шаңданат,
Кереметүү Ала-Тоонун айдыңы.

--- Комуз-ак калпак кыргыз элинин байыртан берки чертме кылдуу үндүү аспабы.Ал өрүк,жаңгак,ак чечек,карагай,арча,алмурут,тал,терек сыяктуу мөмөлүү жана мөмөсүз токой жыгачтарынан чабылат.Комуз чабууга чеберлердин устаканасында керки,бычак,ийги,үмкү,түрпү,өгөө өңдүү жөнөкөй куралдары болот.

Өрүк жыгачын декабрь айларынын ортосунда (кыргызча айтканда “Токсон түшкөндө”)кыят.Мында өрүк жыгачы баш тартып,өсүшүн токтотуп турган учуру болот.Чабууга да, пайдаланган кезде да ал жыгач жарылып кетпейт.

Ала-Тоосу,ак калпагы менен көкөлөп жаткан доордо торгой тил комуздун сапаттуу жасалышына ар бир адам күйөрман.

**5. Слайд-1.Комуздун түзүлүшү.**

**Мугалим** :---аспапты жасоо үчүн өнөрпоздун угуму,добушту ажырата алышы,чаба билиши өзгөчө бааланат.Тоо булбулу Токтогулдан тартып Кара Молдо Орозов ,Ыбрай Туманов комузду өзүлөрү гана билип,бирөөлөргө карматпай ,кыраан шумкардай таптап,кол тийгиздирбей асырап жүрүшкөндүктөн алардын комузунун тили “буудай кууруп турчу”.Бул аспап чакан болгон.Ат үстүндө,чепкен ичинде колтугуна катып жүрүүгө шартташкан.

**Комуздун кылдары** - муздак сууга салынган ичеги **сыдыргы** менен тазаланган соң, **ийик** менен оңго ийрилип,анан аябай кере тартылып коюлат.(Кийин кылдын ордуна тарамыш же жасалма тарамыш жип тагылып калды)

**Залкар комузчулар** кылды добушуна жараша өтө кылдаттык менен тандашкан.Кээде бир койдун ичегисинен бир кыл гана жасалган.

**6.Слайд-2. Комуздун жасалышы**

**Мугалим:----чындыгында комуз качан пайда болгон?Кыргыз тарыхынын энциклопедиясынын туу чокусу болгон Манас эпосунда,Манас атабыз кеселдеп жаткан учурунда,белгилүү манасчы Сагымбай Орозбаковдун айтымында:”Карагай калпак жаптырган, комуздан жүздү алдырган” деген жери бар экени айкын.Демек, комуз Манастын убагында эле бар экени айкын.**

**7.Комуз күүлөрү.Мектеп окуучуларынын аткаруусу.**

**8.Улуу комузчулар жөнүндө маалымат берүү.Мугалим.**

Кыргыз элинин музыка маданиятынын эң бай булактарынын бири-элдик ырлары жана күүлөрү.Булар калкыбыздын турмушунда өтө чоң роль ойногон.Элдик ырлардагы жана күүлөрдөгү залкар ойлор,күчтүү сезимдер,мукам обондор,татаал кайрыктар ар бир угуучунун жүрөгүнө,акылына көп нерселерди баяндайт.

Өткөн заманда комуз үну жайлоодо,боз үйлөрдө жаңырса,бүгүн дүйнөлук чоң аренада чыгууда.Залкар комузчуларыбыз

Токтогул Сатылганов,
Муратаалы Күрөңкеев,
Ыбрай Туманов,
Карамолдо Орозов,
Нурак Абрахманов,
Атай Огонбев.

**9.Кичинекей комузчу күү чертет.**
**10.Жеке бий. Айбийке.**
**11.Жамааттык бий.”Ой,комузчу”**
**12.Меймандарга сөз берилет.**
**13.Меймандар (комузчулар)өнөрлөрүн тартуулашат**
**14.Мугалим жыйынтыктап,мектеп админстрациясына сөз берет.**